“Бекитемин”
ЖАМУнун ректору,
с.и.д. профессор А.Б.Абдрашев
__________________
”___”_____________2016ж.

**Университеттин окуу-усулдук кеңешинин**

**ЖОБОСУ**

**Жалпы жобо**

Окуу-усулдук кеңеш өз ишмердүүлүгүндө КРнын «Билим берүү» мыйзамынын жана жогорку билим берүү мекемелердин (ишмердүүлүн жөнгө салуучу нормативдик укуктук актылардын, КРдин билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик документтеринин, университеттин Уставынын, Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин жана ректордун көрсөтмөсүнүн негизинде иш алып барат.

Университеттин окуу-усулдук кеңеши (ОУК) окуу иштери боюнча проректордун алдында туруктуу иштеген жамааттык орган болуп эсептелет. ОУК университеттеги усулдук иштердин негизги багыттарын иштеп чыгат, окуу процессине, усулдук иштерге тиешеси бар факультет, кафедра ж.б. структуралык бөлүмдөрдүн ишин жетектейт. Адистерди даярдоонун деңгээлин жогорулатуу максатында окуу процессин илимий-усулдук жактан камсыз кылуунун келечек багыттарын иштеп чыгат.

**Окуу-усулдук кеңештин ишмердүүлүгү**

ОУКтун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары:

- Стратегиялык пландоо жана университеттеги билим берүүнүн сапаттуулугун камсыз кылуу максатында окуу-усулдук иштерди жүргүзүү.
- Университеттеги окуу-усулдук иштердин сапатына мониторинг, анализ жүргүзүү жана баа берүү.
- КРдин билим берүү жана илим министрлиги жана ОУБ тарабынан сунушталган нормативдик-усулдук документтер, окуу-усулдук адабияттар менен факультеттерди жана кафедраларды камсыз кылуу.
- Университеттин окуу-усулдук ишмердүүлүгүн илимий жактан камсыздоо.
- Профессор-окутуучулар тарабынан даярдалган окуу, окуу-усулдук эмгектерди, окуу каражаттарын карап чыгуу жана басмага сунуштоо.
- КРдин билим берүү жана илим министрлиги, ОУБдун көрсөтмөсү боюнча университетти лицензиялоого, аттестациялоого, аккредациядан өткөрүүгө даярдоо иш-чараларын уюштуруу жана өткөрүү.
- Жогорку жана кошумча билим берүү маселелери боюнча конференция, семинар, кеңешмелерди откөрүү.

**Окуу-усулук кеңештин ишмердүүлүгүн уюштуруу**

- ОУКтун ишин төрага(төрайым), ал жок учурда орун басары жетектейт. Төрага ректораттын кеңешмесинде окуу-усулдук маселелер боюнча маалымат берет. ОУКтун учурдагы ишмердүүлүгүн окуу-усулдук башкармалык жүргүзөт.
- ОУК университеттеги билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча стратегиялык максаттын негизинде түзүлгөн жылдык план боюнча иш жүргүзөт, ОУКтун жумушчу тобун (төрага, төраганын орун басары, факультеттердин ОУКтун жетекчилери, ОУКтагы усулдук комиссиянын жетекчилери) түзөт жана ал университеттин Окумуштуулар кеңешинин жыл аягындагы кеңешмесинде бекитилет.
- ОУКтун төрагасы жыл ичинде аткарылган иштер боюнча университеттин Окумуштулар кеңешинде отчет берет.
- Коюлган милдеттерди чечүү, кеңешмелерди уюштуруу, тажрыйба жүргүзүү үчүн убактылуу жумушчу топ жана туруктуу иштөөчү комиссия түзүлөт. Комиссиянын жана жумушчу топтун иши комиссиянын жетекчилери тарабынан түзүлгөн,ОУКтун кеңешмесинде бекитилген иш план боюнча жүргүзүлөт. Комиссиянын жетекчилери окуу жылынын аягында аткарылган иштер боюнча ОУКтун төрагасына отчет, окуу процессин жакшыртуу жана келерки окуу жылына түзүлгөн иш план боюнча сунуштарын берет.
- ОУКтун кеңешмеси иш планга ылайык, бир семестрде эки жолудан кем эмес өткөрүлөт. Кийинки кеңешменин күн тартиби жана анда каралуучу материалдар ОУКтун мүчөлөрүнө алдын ала берилет. ОУКтун кеңешмеси университеттин кызматкерлеринин катышуусу менен өткөрүлөт.
- Чечимдер ОУКтун мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү менен кабыл алынат. Ал чечим катышкан мүчөлөрдүн 50%дан кем эмес добушук ээ болгондо кабыл алынды деп эсептелет.
- ОУКтун кеңешмесинин чечими усулдук жана маалыматтык кат, чечим, көрсөтмө, Окумуштуулар кеңешинин чечиминин долбоору жана ректордун буйругунун долбоору түрүндө даярдалат.